**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**ШУМКАР-УЯ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ШУМКАР-УЯ**

---

**Депутаттардын Шумкар-Уя айылдык кеңешинин 1– чакырылышынын кезексиз VIII -сессиясынын**

**ТОКТОМУ**
**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

05.09.2024-жыл № 38 **Сасык-Булак айылы**

Кыргыз Республикасынын Бюджет кодексинин 51-беренесин , Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып Шумкар-Уя айылдык кеңешинин I-чакырылышынын VIII-сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. 2024-жылдын 4-июлундагы №22-токтомундагы, Шумкар-Уя айыл аймагындагы имарат жана курулуш иштери үчүн, түзүлүп келген долбоордук-сметалык документтердин негизинде иш алып баруу максатында 3111 беренесине бөлүнүп берилген 70 241 620 (жетимиш миллион эки жүз кырк бир миң алты жүз жыйырма) сом акча каражатынын 30 426 475 (отуз миллион төрт жүз жыйырма алты миң төрт жүз жетимиш беш) сом акча каражаты төмөндөгүчө бөлүнүп берилсин.

2. Муратбек Туйтунов атындагы Бакайташ орто мектебинин чатыры учурда жараксыз абалда болуп, суу тамып алмаштыруу зарылчылыгы жаралып жаткандыктан , жергиликтүү бюджеттин эсебинен 3 301 630 ( үч миллион үч жүз бир миң алты жүз отуз ) сом акча каражаты каралып берилсин.

3. Талды-Булак айылындагы Желди-Суу көчөсүн кесип өткөн Өтмөк суусуна көпүрө куруу максатында 5 890 486 ( беш миллион сегиз жүз токсон миң төрт жүз сексен алты ) сом акча каражаты каралсын.

4. Жумагул уулу Алымкул орто мектебинин ашканасындагы идиш аяктар жана жабдыктары ошондой эле мектеп эмеректери эскилиги жетип, колдонууга болбой калгандыгына байланыштуу жергиликтүү бюджеттин эсебинен ашкана идиш аяктары жана жабдыктарына 1 020 500 (бир миллион жыйырма миң беш жүз) сом ошондой эле мектеп эмеректери үчүн 1 753 000 (бир миллион жети жүз элүү үч миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

5. Асылкан Бөрүбаев атындагы орто мектебинин ашканасындагы идиш аяктар жана жабдыктары ошондой эле мектеп эмеректери эскилиги жеткендигине байланыштуу жергиликтүү бюджеттин эсебинен ашкана идиш аяктары жана жабдыктарына 421 500 (төрт жүз жыйырма бир миң беш жүз ) сом ошондой эле мектеп эмеректери үчүн 2 392 000 (эки миллион үч жүз токсон эки миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

6. ЖРТ жыйынтыгы боюнча Талас районундагы билим уяларын артта калтырып 1-орунга жетишкен жетишкендиктери үчүн, Асылкан Бөрүбаев атындагы орто мектебине, жалпы мектеп жамаатына “Мерседес спринтер” маркасындагы кичи бус алып берүү үчүн 2 500 000 (эки миллион беш жүз миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

7. “Алтын тамга” кызыл аттестатына ээ болгон мектептин окуучусу Хаписова Адинайдын класс жетекчиси Субанбекова Назира Аалыевна жана мектеп директору Асыранов Эржан Эсенбековичтерге 100 000 (жүз миң) сомдон жалпысы 200 000 (эки жүз миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

8. Китепканадагы китеп фондусу эски китептер менен толукталып, жаңы китептер алына электигине жана окурмандарды жаңы китеп менен камсыздап, окурмандардын санын өстүрүү максатында жаңы китептерди алып китеп фондусун толуктоого жергиликтүү бюджеттен 90 500 (токсон миң беш жүз) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

9. М.Туйтунов атындагы Бакай-Таш орто мектебинин окуучулары дене-тарбия сабагында ойной турган спорттук эмеректери (волейболдук, футболдук, баскетболдук топтор, тогуз коргоол, стол теннисин ойноочу эмеректер) жок болгондуктан 50 000 (элүү миң) сом акча каражаты каралып берилсин;

10. Сасык-Булак айылындагы ат майданына, көрүүчүлөргө ыңгайлуу шарт түзүү максатында, отургучтар навеси (чатыр) менен куруу үчүн 2 893 509 (эки миллион сегиз жүз токсон үч миң беш жүз тогуз) сом акча каражаты каралсын;

11. МТС “Калыстык” ишканасынын ПАЗ-3206-07 автобусуна жарактан чыккан тетиктерин алып берүү үчүн 175 000 (жүз жетимиш беш миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

12. Сасык-Булак айылындагы Жумагул уулу Алымкул орто мектебинин капиталдык ремонт үчүн бөлүнгөн акча каражаты жетишсиз болуп калгандыктан, кошумча катары 2 000 000 (эки миллион) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

13. Кара-Ой айылындагы Асылкан Бөрүбаев атындагы орто мектеби капиталдык ремонттон өткөрүлүп бирок, ремонт иштерине акча каражаты жетишсиз болуп калгандыктан 10% кошумча катары 3 500 000 (үч миллион беш жүз миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

14. Шумкар-Уя айыл аймагынын Кара-Ой айылынан Талды-Булак айылына чейинки 24 чакырым жол автоунаа жана мал жандыктардын катышуусунда болгон жол кырсыктарын азайтуу жана болтурбоо максатында жарыктандыруу үчүн коюлган жол чырактарына кошумча 1 км линия жана трансформатор коюу үчүн 10% кошумча 1 500 000 (бир миллион беш жүз ) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

15. МТС “Калыстык” ишканасынын жаңы келген электроавтобусуна запастык тетиктерин алып берүү үчүн 121 500 (жүз жыйырма бир миң беш жүз ) сом акча каражаты каралпр берилсин.

16. Бириккен Улуттар Уюмунун дүйнөлүк азык-түлүк коопсуздугу программасынын долбоору менен Сасык-Булак айылындагы Маңдай-Караташ каналын ондоп-түзөөдөн өткөрүү иштерине, кошумча катары 94 500 (токсон төрт миң беш жүз) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

17. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы – Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын жетекчиси А.У.Жапаровдун 2024-жылдын 24-июлундагы катын аткаруу максатында ар бир мектептерге телефон кутучасын орнотуу үчүн 103 950 (жүз үч миң тогуз жүз элүү) сом жана окуучуларды заманбап окуу-техника каражаты болгон робототехника сатып алууга 1 095 000 (бир миллион токсон беш миң) сом жалпысы 1 198 950 (бир миллион бир жүз токсон сегиз миң тогуз жүз элүү) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

18. Шумкар-Уя айыл аймагынын иш-кагаздарын жүргүзүү, жогорку жактан келген каттарды өз убагында аткаруу максатында, айыл аймактын башчысына, жооптуу катчыга жана каржы-экономика бөлүм башчысына планшет (iPad Pro 13 (M4)), клавиатура (Magic Keyboard) , монохромдуу лазердик процессор (МФУ Canon IR 2224N) алууга жалпы суммасы 717 400 (жети жүз он жети миң төрт жүз) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

19. Сасык-Булак жана Талды-Булак айылдарына майыптыгы бар, аз камсыз, толук эмес үй-бүлөлөргө жана жалгыз бой жарандарга жардам көрсөтүү максатында социалдык дүкөн ачуу үчүн 200 000 (эки жүз миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

20. Шумкар-Уя айыл аймагынын Сасык-Булак айылынын жашоочусу Сыргакова Замиранын кайрылуусунун негизинде, уулу Сыргаков Нурлан учурда сахарный диабет оорусу менен ооруп жаткандыгына байланыштуу жана оорусу күчөп, дарылануууга акча каражаты жетишпей жаткандыктан жергиликтүү бюджеттин эсебинен 100 000 (жүз миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

21. 2024-жылдын 1-ноябрында Кытай Республикасынын Хайнань шаарында өтүлүүчү Ментальный арифметика жана англис тили боюнча Эл аралык Олимпиадага Шумкар-Уя айыл аймагынан 4 (төрт) окуучу барып катышып келүүгө 306 000 (үч жүз алты миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

22. Мамлекет тарабынан жер салыгы үчүн компенсация катары келип түшкөн 341 400 (үч жүз кырк бир миң төрт жүз) сом акча каражаты аппарат эсеп счетуна 2222-беренесине отургузулсун жана ушул акча каражаты социалдык обьектилердин суу түтүктөрүн орнотуу жана ар кандай чыгымдарды каржылоо үчүн пайдаланылсын.

23. Токтомду мыйзам чегинде аткаруу жагы Шумкар-Уя айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы Б.Кыдыралиевге милдеттендирилсин.

24. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага** **А.Борукеев**